***DOI:10.26104/NNTIK.2023.80.25.037***

***Баитова Ф.Т., Идаева А.Б.***

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ «КАЛК КАРЫЯЛАРЫНЫН» ИДЕАЛЫ

***Баитова Ф.Т., Идаева А.Б.***

# ИДЕАЛЫ «СТАРЕЙШИН» В ЭПОСЕ «МАНАС»

***F. Baitova, A. Idaeva***

# IDEALS OF «ELDERS» IN THE EPIC «MANAS»

*УДК: 379.8*

*Коомдун, мамлекеттин бакубаттыгы адамдардын пейилинен, көз карашынан, жүрүм-турумунан көз каранды экендиги байыртан келе жаткан акыйкат. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу болгон «Манас» эпосун эле алсак, байыркы кыргыз коомунун абалы Жакыптын, Манастын, Абыке, Көбөштөрдүн адамдык ариетине жараша айырмалуу болгон. Эпостогу элдик наркты алып жүргөн даанышман таалимчилер Бакай, Кошой, Акбалталардан ала турган тарбия арбын. Алар жалпы журтту биримдикке чакырып, муундар байланышынын сакталуусу үчүн жаш муундарга жол көргөзүп, адал эмгекке үйрөткөн, көрөгөч, гуманист, акылман тарбиячы катары өз өрнөгү менен идеал деп таанылган. Өрнөктүү калк карылары жашоону уланткан кийинки муундарга үлгү болушкан жана алар жок учурда кыргыздырдын акыл көрөңгөсү, нарк насили жокко тете болгон. Калк карыларынын эң негизги озуйпаларынын бири – сырткы баскынчылардан элди коргоо, элдин ынтымагын, биримдигин сактоо, эл-журттун, карапайым калктын жакшы жашоосу үчүн күрөшү болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас» эпосу, идеал инсан, калк карыясы, муундар байланышы, өрнөк берүү, кеменгер, даанышман, мекенчил.*

*Издревле известно, что благополучие общества и страны зависит от поведения, взглядов и мировоззрения каждого человека. К примеру, благополучие древнего кыргызского общества отличалось человеческой честью таких главных героев, как Жакып, Манас, Абыке и Кобош в эпосе «Манас», который ценится как наивысшая точка устного произведения кыргызского народа. Эпос богат воспитаниями, которым можно научиться у Бакая, Кошоя и Акбалты, мудрых учителей, носителей-идеалов национальной ценности. Они – идеальные мастера, мудрые воспитатели-гуманисты, которые призывали к единству, направляли подрастающее поколение на правильный путь для сохранения связи между поколениями и на своем примере учили честному труду. Эти идеалы служили примером для подражания молодого поколения, а их отсутствие приравнивалось к отсутствию разума всего народа. Одной из их важнейших задач это – защитить народ от захватчиков, обеспечивать внутреннюю гармонию и единство и обеспечить хорошую жизнь нации.*

***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», идеальный человек, старейшина, связь между поколениями, служить примером, умудренный опытом, мудрый, патриот.*

*It is known from ancient times that the well-being of society and the country depends on the attitudes, views and behavior of its each member. For instance, the state of the ancient Kyrgyz society was notable for the humane conscience of main heroes like Jakyp, Manas, Abyke and Kobosh in the epic "Manas", which is considered to be the most successful and powerful folklore of the Kyrgyz nation. In the epic there is a great deal of lessons that can be learned from Bakai, Koshoi, and Akbalta, the wise teachers, the ideal holders of national value. They are evaluated as ideal masters, wise and humanistic educators, because they called for unity, set the pace for Kyrgyz youth to maintain the generational communication and taught to make an honest living through representing their role-model. These ideals served as a model for the young generation and their absence was evaluated as the absence of wit of the whole nation. One of their critical missions was to protect people from invaders; ensure a harmony and unity among people; and provide good living of the nation.*

***Key words:*** *the epic "Manas", ideals, elders, communication between generations, role-model, wise, educative, patriotic.*

А. Алимбековдун айтымында, кыргызда «карылык» адамдын өмүр жашынын гана сан өлчөмү эмес, ал баарыдан мурда акыл, турмуштук тажрыйбага, бийик адеп наркка ээ болгондук деген түшүнүктү билдирет [1, 6-б.]. Ал эми В.А. Сухомлинский: «Жашоодо кээ бир нерселерди карылык жеңе билет, себеби анда көптөгөн муундардын акылмандыгы катылган» – деп билдирет. Окумуштуунун байкоосуна жараша, «сый-урматка татыктуу сыяктанган улуу киши жер үстүндө басып жүрсө, бирок анын ким экенин, кадырлуу кишиби же эскерүүгө да арзыбаган киши экенин эч ким билбесе, бул өтө коркунучтуу кубулуш болуп эсептелет» [7, 51-54-бб.]. Ушуга байланыштуу калк карыларынын максаты, жашоосунун маани-маңызынын өзү – жаштарга өрнөк берүү болуп эсептелет деген тыянакка толук негиз бар. Анткени, өсүп келе жаткан муундун умтулаар идеалы – улуулардын жасаганын, жашоо образын көрүп, ошолор түптөгөн жол менен басуу. Кыргыздын «Өрнөктүү карыя жок жерде өнөрлүү жаш да жок», «Карысы болбой эл болбойт, тулаңы болбой жер болбойт» деген макалдары бул пикирге далил боло алат.

«Манас» эпосунда Акбалта, Бакай, Кошой сыяктуу карыялар эл-журтту ынтымакка үндөө, аларга билбегенин үйрөтүү, туура жолго карай багыт берүү жана тарбиялоо ишмердигин алып жүрүшөт.

Бардык варианттарда Манаска гана эмес, анын үй-бүлөсүнүн бүткүл тагдырына ортоктош, элдик баатырдын укум-тукумдары үчүн колунан келишинче жакшылыгын аябаган оң каармандардын ири өкүлү – Бакай. Ал акылмандыгы, кыраакылыгы, жакшылык менен жамандыкты алдын ала көрө билген даанышмандыгы, ак менен караны так ажырата алгандыгы, кара кылды как жарган калыстыгы, убадага бектиги, боорукердиги, айтор, бардык жакшы сапаттар менен

жогору турат. Анын эң негизги максаты – сырткы баскынчылардан элди коргоо, элдин ынтымагын, биримдигин сактоо, эл-журттун, карапайым калктын жакшы жашоосу үчүн күрөшүү. Эпостогу жакшы адамдар туурасында фольклорчу Н.Б. Путилов: «Алар жомоктогудай ишенчээк жана ак көңүл, жомоктогудай ырраакы, эр жүрөк жана жомоктогудай алсыз да. Ошол эле убакта шумдуктуудай мүмкүнчүлүккө ээ болуп, заматта чыныгы турмушта боло тургандай оор шарттарга кабылышат» [6. 136], - деп жазат. Окумуштуунун эпикалык каармандарга карата мүнөздөмөсү эпостун башкы каармандарынын бири – Бакайга да таандык. Акылман карыянын образы – дүйнөлүк эпосто кеңири таралган салттуулук мүнөзгө ээ.

Эпосто Бакай – Манасты Манас кылып, «үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган, астында жүрсө, ак жолтой, артта жүрсө, сан колдой» жөлөк-таянычы, арка-бели, элдик баатырга жана анын укум-тукумдарына өмүрүнүн акырына чейин чын дили менен берилген акылман карыя. Ал адамда жок ашкан баатырдыгы, өлүмдөн көз ирмеп койбогон эр жүрөктүүлүгү, кажыбас кайраттуулугу жагынан да Манастын эч бир жеринен кем калышпайт. Тескерисинче, акылмандыгы, даанышмандыгы жагынан алда канча жогору турат. Ошондуктан, Манасты алгач көргөндө эле Бакай:

«Манас, Манас болгону,
Алпын көрдүм, шер көрдүм,
Ар кайсы дөөнү мен көрдүм,
Баатырдан мындай көрбөдүм» [2, 185-б.] - деп анын адам баласында жок алптыгына, шердигине, баатырдык шаңына, жеке керт башы миң сан колго татыган айбат-сүрүнө, өлүмдөн да коркпос эр жүрөктүүлүгүнө таң берет.

Бул образ туурасында академик Б. Юнусалиев: «…Манастын башка жардамчыларынын элестеринен Бакайдын элесинин көтөрүңкүлүгү – анын ошол акылдуулугуна, билермандыгына байланыштуу. Ошондуктан, Манас татаал учурларда ага башкаруучулук ролду берип, «хан Бакай» деп кадырлайт. Адамдык кулк-мүнөзүн терең түшүнгөн калыс жана адилет Бакайга толук ишенгендиктен, Манас ага ичтеги сырын, жүрөктөгү муңун айтып, дайыма кеңешип жүрөт» [2, 32-б.].

Бакай – эл-журт ичиндеги терс аяктарды оң жолго салып, аларга акыл-насаатын, кеп-кеңешин берген акылман карыя. Ал айрым бир учурларда Манастын өзү да туура эмес иштерди жасап ийерде, анын кемчилигин тартынбастан, бетине айтып, түз жолго салат. Ошондой эле Бакай баатырдын жакшы кызга үйлөнүшүндө да активдүү роль ойногон камкор атанын милдетин аткарат. Ошондуктан, ал баатырдын акылына акыл кошкон, алдыда боло турган жакшылык менен жамандыкты тең бөлүшүп, турмуштун ысыгына күйүп, суугуна тоңо турган чыныгы өмүрлүк жолдош, акыреттик жар болуучу кызга үйлөнүүсүн өтүнүп, мурунку аялы Карабөрк менен Акылайдын жөнсүз аялдар экендигине көзү жеткен Бакай Манаска:

«Каныкей алсаң оңосуң,
Калкка башаа болосуң.
Каныкей келсе Таласка,
Кадыр түн келет жолуңа» [2, 235-б.], баатырдын жакшы же жаман болмогу аялга байланыштуу боло тургандыгы Бакайдын сөзү аркылуу айтылат. Эпосто эр-азаматтын атагын чыгарган, тескерисинче, кара жер менен тең кылган да – аял.

Бакай – кыргыз урууларынын өз ара чатакташып чырдашпай, бири-бирине наразы болушпай, ар дайым жакшы мамиледе, ынтымакта жашоосу үчүн өмүрүнүн акырына чейин жан аябай күрөшкөн уюткулуу карыя. Журттун ынтымагын бузуп, ортолоруна чагым салып, оозуна алы жетпеген айрым бир бузукулардын, терс аяктардын жаман кылык-жоруктарын, жасаган иштерин түзөп, жакшы жолго гана салбастан, Манастын өзү да кээ бир учурларда ачууга жеңдирип, шашмалык кылганда да, анын кемчиликтерин элжурт алдында тартынбастан, бетине айткан эл атасы, журт эгеси алп абаң Кошойдон кийинки адам – Бакай. Алсак, «Көкөтөйдүн ашында» чакырылбай калганына катуу намыстанган Манас ачууга жеңдирип, аш ээси Бокмурунду чаап алмак болгондо Бакай:

«Барып чаап алгыдай,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Сыдырмак Ала-Тоо эмес,
Салмакташар жоо эмес,
Жетимди чапкан болобу?» [3, 9-б.] - деп атасы өлүп, жетим калган жаш баланы, хан башың менен кол курап барып, чаап алышың түпкүлүгүндө жаман иш боло тургандыгын айтып, оолуккан Манасты тыйып коёт. Бакайдын жогорудай жакшы сапаттарын кыргыз кошууну гана эмес, сөөк өчтүү душмандары да жогору баалашат. «Чоң казатта» колго түшкөн Нескара Манаска: «Бакай сизге керекпи, Бакайыңча бар элем», – деп өзүнүн керт башын Бакайга теңештирүү менен чымын жанын арачалап калуу максатында андан өлтүрбөөсүн өтүнүп, жан соогалайт.

Бакай – колдоочулук, кереметтүүлүк, олуя касиеттерге да ээ. Бакай Коңурбайдын Манасты алдап кеткенин кереметинен билип Ажыбайга: «Түпкө Коңур жеткенби, тирүүлөй алдап кеткенби», – деп аны ажалдан арачалап калган. Ар бир калк карысы албетте өз элинин карааны болуп турууsу керек, бул тууралуу Акбалта өзүнүн нойгут элине кайтып бараткканда ага Жакып мындай кеп айтат:

«Алыста Манас балаңдын
Ал-абалын сурай жүр.
Өөдө чыкса, өбөк бол,
Өлүмгө орток Акбалта
Ылдыйга түшсө жөлөк бол.
Калкыңа сен да караан бол,

Канча жыл аздык эл-журттан
Курдашым Балта аман бол» [2, 109-б.].

Бул жердеги «караан», «өбөк», «жөлөк» деген сөздөрдө калк карысынын элине берген колдоосу, нарктуу насааты, кеңеши менен ишеничтүү калкасы катары жашоо аркылуу өз өмүрүн кийинки муундарда улантат деген ойдо камтылат. Эпосто эл чечим таба албай турганда Манас баш болуп, бүткүл эл Бакайга кайрылып:

«Абаке Бакай деп айтат.
Акылга дыйкан өзүңүз,
Ар качандан бир качан
Насаат бизге сөзүңүз» [2, 76-б.] - деп колдоо сурап, жол көргөзүүсүн өтүнүшөт. Ошентип, калк карыясынын идеалынын биринчи өзгөчөлүгү – коомдук адепти өзү бек туткан жана жаштарга үйрөткөн, калкынын «өйдө чыкса өбөк, ылдый түшсө жөлөк» боло алган карааны болуу.

Калк карыларынын эң негизги озуйпаларынын бири – сырткы баскынчылардан элди коргоо, элдин ынтымагын, биримдигин сактоо, эл- журттун, карапайым калктын жакшы жашоосу үчүн күрөшү болгондуктан, «Манас» эпосундагы карыялардын коомдук адептен келип чыккан адептик сапаттарын т.а. алардын мекенге болгон сүйүүсүнүн алкагында чечмелөө туура болот. Карыялардын ден соолугу, физикалык күчү бара-бара солгун тартат, бирок акылмандыгы, кыраакылыгы жөн билгилик жана баамчылдык сыяктуу сапаттары артат, ал эми жаштардын ден соолугу чың, физикалык күчү арбын болгонуна карабастан, алардын акылы, тапкычтык, амалдуулук сапаттары жетишсиз жана такшалбаган абалда болоору баарыбызга маалым. Ушуга байланыштуу карыялардын мекен сүйүүсү душман менен, сөзмө сөз айтканда, күрөшүү жолу менен эмес, жаш муунду колдоп, алар менен чогуу кубаныч менен кайгыга ортоктош болушуп, «жоону бирге жоолашып, доону бирге доолашып», акыл-насаатын берүү жана туура жол көрсөтүү менен аныкталат. Мисалы, эпосто Манас кыргыз жерине келип Кошой менен жолугуп, «Кытай – түмөн, Кыргыз – аз» – деп шекшине баштаганда, Кошой Манастын кытай тарапта жүргөнү туура эмес болгондуктан, кыргыз жерине кайтып келип, кыргыз элинин таянар тоосу болуусун айтып, төмөндөгүчө жол көрсөтөт:

«Улук болуп, бел болгон,
Уялуу коргон шер болгон!
Эки тизгин, бир чылбыр,
Эптеп колго сен алгын,
Бел байлаган белимсиң,
Арка кылып абыдын
Алда Таала кудайдан
Сурап жүргөн шеримсиң!
Үзүлгөндү улап бер,
Чачылганды жыйнап бер!
Туягымсың, белимсиң,
Таалайга кудай чыгарган
Көк жал Манас шеримсиң!» [4, 200-б.].

Манас элин Ала-Тоого көчүрүп келгенде Кошой эзелки абалынын өксүп баратканына карабастан, эгер жоо келе турган болсо, элин коргоп туу алдында турарын айтат:

«Ошондо эңишер жерге салыңыз!
Оболотуп көпкөк туу,
Алыша кетип калмакка,
Абыдан салсаң ызы-чуу,
Кер кабылан оозун бурамын,
Керишкен жооңо чыгамын,
Ажалым жетип өлгүчө
Туу түбүндө турамын» [2, 106-б.].

«Өз жер – өлөң төшөк, өз эл – өмүрлүк жөлөк» деген макал тастыктап тургандай, эпосто Кошой дүйнө менен кош айтыша турган болсо, анын сөөгүнүн да бөтөн жерде калбай, өз элинин жерине коюлушун Манаска керээз катары айтат:

«Ажалы жетсе абаңдын,
Кең казып көрүн оёрсуң,
Керкабылан атын соёрсуң.
Абаңдын сөөгүн чырагым,
Өз колуң менен коёрсуң!» [2, 107-б.].

Калк карылары бардык элдерде өзгөчө сыйлуу орунда болуп, алардын акылмандыгы жөнүндө, мисалы өзбек элинин «Карыя билгенди пери да билбейт», кытай элинин «Улгайган кишилердин сөзү кымбат, баалуу асыл таштарга барабар», фарстардын «Бийик имараттарды куруп жатканыбызда, карыялар анын пайдубалын тургузууга жардам беришкен» деген макалдарынан белгилүү болгондой эле, кыргыз эли да «Карынын сөзү – жамак, жамагы жашоого – сабак», «Карынын сөзү кеп болот, калайыкка эп болот» – деп илгертен нускалаган. Ушул сыяктуу жогорудагы эпизоддон даана көрүнүп тургандай эле, мекен сүйүүсүнүн кулу болгон Кошой жаш баатырга өз тажрыйбасын, акылын берүү менен кыргыз урууларынын башын кошуп, жоону биргелешип жеңүүгө жардамдашат. Мындан сырткары, душмандын колу көп болуп каптап кире турган болсо, «өйүз-бүйүз турушуп, мылтык атып, жаа тартып, карсылдашып, урушуп, кабылан Манас үчүн качырып найза сунаарын» айтып опол тоодой таяныч болуп берет:

«Канкорум, сенин айыңдан
Кара кытай манжууга
Жанымды курман кылармын,
Түйшүктү түздөп салармын,
Түз болуп Кошой калбасам,
Өзүм тосуп алармын!
Оркон, Алтай тоосуна
Өзүм тосо барармын.
Жолум үй тиге конормун,
Канкорум сенин жолуңа
Өлбөсөм курман болормун!» [4, 185-б.].

Демек, теңдеши жок алп, кол башкарган баатыр, эл бийлеген Кошой карыя жөн гана тажрыйбасын бөлүшүү менен чектелбестен, калың жоону биргелешкен күч менен жеңип максатка жетүүнүн амалын айтуу менен бирге, өзү да баатырларча салгылашка даяр экенин ушундайча билдирет. Анын ушул колдоосу тууралуу Манас мындай дейт:

«Абам Кошой – карыям,
Айла тапкыч – олуям
Өйдө турсам – өбөгүм
Ылдый турсам – жөлөгүм.
Астыга салсам – ак жолум,
Аркада жүрсө – сан колум».

Ошондуктан, Кошойду кыргыз эли «мекен сүйүүсүнүн кулу» деп атап келишет. Ырасында, калк үчүн чын ыкыластан кайгы жеп, бүткүл күчүн жана аракетин мекенге жумшаган Кошой – бул аруу, асыл жана бекем сезимге ээ калк карыясынын айкын өрнөгү боло алат. Элдин башын кошуп туура жолго баштаган терең акылман карыя жана өз элинде да, душмандын ичинде да теңдеши жок балбан, баатыр адам. Ал жигердүү кол башчылыгы менен да, жеке баатырдыгы менен да башкалардан өзгөчөлөнүп турат. Ага карата «калк атасы», «эл атасы», «элдин уюткусу», «олуя», «даанышман», «акылман», «падышазаада» деген эпитеттер туруктуу айтылат. Кошой – кыргыз кол башчыларынын ичинен аярлуу укмуш өнөргө ээ бирден бир каарман. Аярлык менен бирге колдоочулук, жаратуучулук, көзү ачыктык, касиеттери да бар чендери эпосто:

«Жети-Өзөндөй кайран жер,
Эби менен жер кылып,
Жети-Өзөндөй кыргызды,
Эптеп жүрүп, эл кылып», [4, 325-б.] - деп сүрөттөлөт. Алтайга сүрүлгөн кыргыздарга туу болгон Манастын Ала-Тоого көчүп келишине өбөк-жөлөк, таяныч болгон Кошой. Манас: «Абам Кошой карыя» - деп, аны ар дайым урматтап, кадырлайт. Кошой – элдин ар намысы үчүн туулган баатыр, Көкөтөйдүн ашында балбан күрөштө Жолойго менменсинген баатыр-балбандар жүрөксүп турганда, токсонго чыккан Кошой Манаска:

«Карысам да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап,
Мен түшпөсөм каапырга,
Камкор да болсоң, эр элең,
Кайраты ашык неме элең.
Сен түшпөсөң каапырга,
Кандай адам катылат» [4, 355-б.], - деп өзү чыгат. Кошой алп-дөө, ал күрөшөрдө шым табылбайт. Каныкей атайын жасаган кандагайдын капшытын жазып жибергенде гана абасы Кошойго чак келет. Келини Каныкейдин уздуулугуна чын дилинен ыраазы болгон Кошой Семетей аттуу уулду болгун деп, ак батасын берет. Анын батасы кабыл болуп, Семетей бойго бүтөт. Эпосто Кошойдун образы аркылуу олуязаада, акылман, даанышман, ченемсиз балбан, кара кылды как жарган, ак менен караны алдын ала билген көрөгөч, көптү көргөн, эл-журт атасы, калайык-калктын эгеси болгон нарктуу карыянын элеси көркөм чагылдырылган. Кошойдун Манаска айтып турган кеңешинде көрүнөт:

«Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң,
Калың бороон, катуу күн,
Кулунуң канчалык өтөөр башыңан.
Кыр-кырда кыргыз элине,
Кызыккан жандар дагы бар.
Кылчайбай канды агызар,
Кызы талактын баары бар.
Элиңди түгөл башкарып,
Өз алдынча болгондо,
Сени таштап койбос жепжеке.
Суроодон угар дайныңды,
Күтүнбөстөн сен жатсаң,
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Куусаң жетпей калбаска,
Ок жетпеген ат камда» [2, 372-б.].

Ошондуктан, эпосто «батасы журтту байыткан, бекип жаткан бейиштин эшигин ачкан» Бакайга, Кошойго жана Акбалтага:

«Капилеттен сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан,
Акыл менен жайкаган,
Алты айлык болор азапты
Көз ачымда байкаган
Адамзаттын туйгуну,
Олуяттын кулуну» - деген терең маанилүү мүнөздөмөлөр берилип келет.

Манас өзүнүн жаңылыштык жасаганы өзүнө билинбей, ойлонбой шашылыш чечим кабыл алган учурларда калк карыялары ага тийиштүү жерде акылнасаат сөзүн айтып, аны туура жолго коюп, көзөмөлдөп турушкан. Алсак, Манас куру ачууга алдырып, аскерлерин күүлөп, кытайларга каршы биринчи болуп кол салабыз деп турганда Акбалта ага жөнү жок чуу чыгарып, аз гана кыргыз элинен айрылып калуу коркунучун да эске алуу керек экенин эскертет.

Кандай гана эл болбосун, анын басып өткөн жолу, тарыхы, жашоо-өмүрү кийинки муунга өрнөк болот. Ал анын тарыхый өмүрүнүн айрым үзүндүсү эмес, өзүнүн бай тажрыйбасы менен соңку урпактарга айтар түбөлүктүү таалими, берээр үлгүсү болуп калат. Анткени, бабалар өтөгөн бардык жакшы иштер ата-ларга, аталардын өтөгөн жакшы өрнөгү балдарга сабак болот. Ошондуктан, «Улуусун тарбияла, кичүүсү өзү үйрөнөт» деп кыргыз эли эзелтен таамай белгилегендей, карыялар казаттарда да, тынчтык турмушта да

канчалык насаат айтып, элине кеңеш берип, оор маселелерди чечүүдө тапкычтык менен журтка жардам берсе да, эң обол анын акылмандык, даанышмандык, кеменгерлик, кыраакылык сапаттарынын өзүндө алып жүрүүсү аркылуу чөйрөдөгүлөргө «тирүү үлгү» болуп берүүсүнө өзгөчө көңүл бурулат.

Жыйынтыктап айтканда, «Жакшы ата – жаман уулга кырк жыл азык» дегендей, өрнөктүү калк карылары жашоону уланткан кийинки муундарга үлгү болушкан жана алар жок учурда кыргыздардын акыл-көрөңгөсү, нарк-насили жокко тете болгон. Бул тууралуу «Айкөл Манастын калыптанышы» деген китептин авторлору Б.Исаков жана О.Чоюнбаев: «Акбалта сыяктуу уюткулуу акыл борборун, таянар таянычын жоготуп койгон кыргыздар өзүнүн кыргыздыгын жоюп жиберген. Мисалы, Жусуп Мамайдын вариантында Касиет, Калка дегендер калмак болуп кетет. Саякбай манасчыда Үсөн өз атын жоюп, балдарына да калмак атын коюп, динин, өзгөртөт, кыргыз насилин унутат» - деп жазышат [5, 56-б.]. Авторлордун пикирин чечмелей турган болсок, калк ичиндеги ушул сыяктуу чыккынчылык жаштарды жолго койгон карылардын акыл-насааты болмоюнча, коомдо ушундай көрүнүштөр бара-бара тилдин, элдин улуттук наркы жана дилинин, салтынын жоюлушуна алып келет.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст]: окуу куралы / А. Алимбеков. – Бишкек: Педагогика, 2001. – 44 б.
2. “Манас”: кыскартылып бириктирилген вариант. – Фрунзе, 1958. – 1-бөлүк, 1- китеп. – 343 б.
3. «Манас»: С. Орозбаковдун вариантында. III-к. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 356 б.
4. “Манас”: С. Каралаевдин варианты б-ча / Түз.: А.Жайнакова, А. Акматалиев – Б.: “Турар”, 2010. – 1008б.
5. «Манас»: Жусуп Мамайдын вариантында. Толукталган экинчи басылыш – КЭР: Үрүмчү. – 2004. – 1295 б.
6. Путилов Н.Б. Героический эпос черногорцев [Текст] / Н.Б. Путилов. – Л.: 1982.– 176 с.
7. Сухомлинский В.А. Как воспитать настоящего человека: (Этика комплексного воспитания) Педагогическое наследие [Текст] / В.А. Сухомлинский. - М.: Педагогика, 1990. – 288 с.
8. Баитова Ф.Т. Результаты опытно-экспериментальной работы по этнопедагогической подготовке будущих учителей посредством эпоса «Манас». / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 6. С. 108-112.